И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.13.15.522 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын изденүүчү Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин "Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү" аттуу темадагы 13.00.01 − жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

## ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН БҮТҮМҮ

Диссертациялык кеңеш тарабынан түзүлгөн, педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.К. Дүйшееванын төрагалыгы жана педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Мамытовдун жана педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д. Бекболотовдун мүчөлүгү менен иш алып барган эксперттик комиссия Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин "Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү" аттуу темадагы 13.00.01 − жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин окуп төмөндөгүдөй бүтүмгө келет:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин "Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.01 − жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү жогорку окуу жайларда сапатты башкаруу багытында сунуштала турган заманбап технологияларды колдонуу проблемалары боюнча изилдөө жүргүзүлөт. Изилдөөлөрдүн максаты жогорку окуу жайларындагы окутуу процессинин жана аны башкаруунун сапатын заманбап башкаруу системасы аркылуу өркүндөтүү иретинде аныкталган жана ага жетүү төмөндөгү 4 милдет аркылуу чечилген:

- жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруу проблемасы боюнча кыргыз, советтик жана чет элдик педагогикадагы адабияттарга талдоо жүргүзүү;
- окутуу процессин башкаруунун жаңы моделин "сапатты башкаруу системасынын" негизинде түзүү;

- түзүлгөн моделге жараша окутуу процессине таасир эткен сапаттык көрсөткүчтөрдү аныктап, процессти тынымсыз өркүндөтүүнүн жол жобосун даярдоо;
- түзүлгөн моделдин жана иштелип чыккан жол жоболордун эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Диссертациянын объектиси катары жогорку окуу жайларындагы окутуу процесси, ал эми предмети катары сапатты башкаруу технологиялары аныкталган. Жогоруда көрсөтүлгөн максатка ылайык изилдөөдө адекваттуу илимий ыкмалар (илимий адабияттарды жана булактарды изилдөө, талдоо жана жалпылоо, анкеталык сурамжылоо жүргүзүү, байкоо, оң тажрыйбаларды топтоо, окутуу процессин моделдештирүү, педагогикалык эксперимент өткөрүү жана топтолгон фактыларды анализдөө) колдонулган.

Жогоруда белгиленген жагдайларды эске алуу менен, эксперттик комиссия изденүүчү Ж. Жакшылыковдун "Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү" аттуу диссертациялык жумушун 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет жана аны диссертациялык кеңеште коргоого болот, - деп эсептейт.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Жогорку окуу жайларына мүнөздүү болгон билим сапатынын төмөндүгү, мындай натыйжаны шарттаган карама-каршылыктардын тийиштүү деңгээлде изилденбегендиги жана билим сапатын башкарууда заманбап технологияларды колдонуунун кеңири жайыла электиги менен негизделет. Буга чейинки жүргүзүлгөн бир катар изилдөөлөрдө жогорку окуу жайларындагы сапатты башкаруу маселелери, анын кээ бир элементтери (Е.Е. Син), жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү (мисалы, аккредитация формасында, Ш. Султанбеков) аныкталып, кандайдыр бир деңгээлде чектелүү мүнөздө сыпатталышы белгилүү. Ошону менен бирге сапатты башкаруунун теориялык жана методологиялык негиздери да толук кандуу иштелип чыга электигин танууга болбойт. Мына ошол себептен изденүүчү тандап алган диссертациялык жумуштун темасын актуалдуу, мезгилдин талабына жооп берет деп баалоого болот.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Изилдөөлөрдүн натыйжасында төмөндөгүдөй 4 жыйынтык алынган.

**Биринчи жыйынтык.** Жогорку окуу жайларында окутуу процессин башкаруунун теориялык негиздери. Изденүүчү окутуу процессин башкаруу

маселелерин ар тараптан изилдеген жана сапатты башкаруунун ордун мүнөздөгөн (1-глава, 1-параграф).

**Экинчи жыйынтык.** Окутуу процессин башкарууда сапатты башкаруу системаларынын орду жана мүмкүнчүлүктөрү. Изденүүчү чет өлкөлөрдөгү окуу жайларда сапатты башкарууда колдонулуучу системаларды мүнөздөп, алардын мүмкүнчүлүктөрүн ачып берген (1-глава, 2-параграф).

**Үчүнчү жыйынтык.** Окутуу процессин башкаруунун сапатын өркүндөтүүчү модели, колдонуу шарттары жана жолдору. Изденүүчү сапатты башкаруунун заманбап моделин негиздеген жана аларды колдонуу шарттарын жана жолдорун аныктаган (2-глава).

**Төртүнчү жыйынтык.** Эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана тийиштүү жоболордун курамы. Изденүүчү сапатты башкаруу моделинин эффективдүүлүгүн тийиштүү экспериментте ишке ашырган жана анын жетишээрлик натыйжалуулугун аныктаган (3-глава).

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**Биринчи жыйынтык.** Жогорку окуу жайындагы окутуу процессинин теориялык негиздери жана бул багытта изденүүчү сунуштаган корутунду жалпысынан салмактуу, негиздүү жана ынанымдуу деп бааланат жана кыргыз педагогика илимин байытууга өз салымын кошот.

**Экинчи жыйынтык.** Дүйнөнүн алдыңкы университеттеринде кеңири колдонулуучу сапатты башкаруу технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү жетишээрлик деңгээлде мүнөздөлгөн жана биздин реалдуу шартка жараша орду аныкталган.

**Үчүнчү жыйынтык.** Окутуу процессин башкаруунун сапатын өркүндөтүү модели тийиштүү изилдөөлөрдүн, анализдин, жалпылоонун натыйжасында иштелип чыккан жана кыргыз жогорку окуу жайларына сунуштоого ылайыкталган.

**Төртүнчү жыйынтык.** Эксперименталдык изилдөөлөр сунушталган сапатты башкаруу моделин натыйжалуу көрүнүш катары сыпаттай алган жана алынган натыйжалар жетишээрлик ишенимдүү деңгээлде чагылдырылган.

**5. Диссертацияда чагылдырылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**Биринчи жыйынтык.** Жаңы. Жогорку окуу жайларында окутуу процессин башкаруунун теориялык негиздери кыргыз педагогикасындагы

жаңы көрүнүш каатры сыпатталат, анткени бул багытта тийиштүү жана толук кандуу изилдөөлөр жүргүзүлө элек.

**Экинчи жыйынтык.** Жаңы. Окутуу процессин башкарууда сапатты башкаруу системаларынын орду жана мүмкүнчүлүктөрү чыгармачыл көз карашты билдирет жана жаңылыгы менен айырмаланат.

**Үчүнчү жыйынтык.** Жаңы. Окутуу процессин башкаруунун сапатын өркүндөтүү модели жаңы көз караш катары сыпатталат.

**Төртүнчү жыйынтык.** Жаңы. Эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана тийиштүү жоболор курамы оригиналдуу изилдөөлөрдүн жыйынтыгы катары мүнөздөлөт.

**6. Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.**

Ж. Жакшылыковдун диссертациясында алынган негизги жыйынтыктар илимий прикладдык жактан жетишээрлик баалуулугу менен мүнөздөлөт. Анткени билим сапатын башкарууда заманбап алдыңкы технологияларды колдонуу, анын илимий методикалык өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, тийиштүү моделин сунуштоо кыргыз билим берүү системасындагы актуалдуу маселелердин бирин чечүүгө өз салымын кошот. Алынган жыйынтыктар жетишээрлик биримдикке ээ, алдыңкы илимий теориянын алкагында негизделген жана изденүүчү эмгектенген окуу жайда кеңири колдонулуп, анын тийиштүү жоболорду ишке ашыруудагы жеке салымын да күбөлөндүрөт.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.** Ж. Жакшылыковдун диссертациясында алынган төмөнкү илимий жыйынтыктар практикага киргизилген жана тийиштүү оң натыйжа берген:

- сапатты башкаруу системаларынын (QMS) окутуу процессин башкаруудагы абалы, өнүгүшү, мыйзам ченемдери жана мүмкүнчүлүктөрү такталган;
- сапатты башкаруу системаларынын негизинде түзүлгөн окутуу процессин эффективдүү уюштуруу системасынын модели даярдалган;
- окутуу процессинин сапаттык көрсөткүчтөрү, алардын деңгээлдери, деңгээлдерди белгилөөчү критерийлер аныкталган;
- Моделдин окутуу процессинин сапатына тийгизген таасири эксперимент жүзүндө текшерилген.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана тыянактарын жарыяланганын тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан жазылган төмөнкү 10 илимий эмгектерде чагылдырылган:

1. Жакшылыков, Ж.Ж. Жогорку окуу жайларында окутуу процессин башкаруу [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Alatoo Academic Studies. – 2013. – №8-1. – Б. 121-123.
2. Жакшылыков, Ж.Ж. Окутуу процессин башкаруу үчүн жаңы технология катары Эдвард Демингдин 14 көрсөтмөсүн анализдөө [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. – 2013. – Атайын чыгарылыш. – Б. 48-51.
3. Жакшылыков, Ж.Ж. Сапаттуу башкаруунун 8 принцибин жогорку окуу жайларында колдонуунун педагогикалык маселелери [Текст] / Ж.К. Каниметов, С.С. Эрдолатов, Ж.Ж. Жакшылыков // Научный и информационный журнал “материаловедение”. – 2013. – №1/2013(2). – Б. 452-455.
4. Жакшылыков, Ж.Ж. Жогорку окуу жайларында окутуу процессин сапат түшүнүгү аркылуу талдоо [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2014. 38/2014(2). – Б. 86-91.
5. Жакшылыков, Ж.Ж. Эффективдүү сабакты уюштуруунун технологияларын өркүндөтүүнүн жолдору [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Кыргыз тили жана адабияты журналы. – 2014. – 26.2014. – Б. 264-267.
6. Жакшылыков, Ж.Ж. Орозолуу ойлонуу жана окутуу процессинде ысырапсыз 80 мүнөт өткөрүү [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков, Б.Соорбекова // И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2014. – Атайын чыгарылыш. – Б. 22-26.
7. Жакшылыков, Ж.Ж. Билим берүүгө таасир эткен негизги фактор катары педагогикалык уюштуруучулук же окутуу процессин сапаттуу башкаруу маселеси [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2014. – Атайын чыгарылыш. – Б. 26-28.
8. Жакшылыков, Ж.Ж. Сабакты эффективдүү башкаруунун педагогикалык шарттары [Текст] / Ж.К. Каниметов, С.С. Эрдолатов, Ж.Ж. Жакшылыков // Научный и информационный журнал “материаловедение”. – 2014. – №2/2014(5). – Б. 365-367.
9. Жакшылыков, Ж.Ж. Жаңы муундун рухий жана дене бой саламатчылыгын калыптандырууну системалуу башкаруу [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Вестник университета Кайнар. Алматы 2014. - №4/1.2014. – Б. 164-168.

10. Жакшылыков, Ж.Ж. Лиин билим берүү аркылуу окутуу процессин башкарууну өркүндөтүү [Текст] / Ж.Ж. Жакшылыков // Вестник университета Абай. Алматы 2014. - №4/1.2014. – Б. 164-168.

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмununа дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунундагы негизги идеяларды чагылдырат, изилдөөнүн алдында коюлган милдеттерге жана максатка дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмеси талапка ылайык аткарылган.

**10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы Ж. Жакшылыковдун “Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү” аттуу диссертациясы боюнча жетектөөчү уюм катары Ош гуманитардык-педагогикалык институнун педагогика кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада 13.00.01 адистиги боюнча педагогика илимдеринин ... доктору жана ... кандидаты иштешет.

Биринчи расмий оппонент катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюйшеева Назира Кубанычбековна (автореферат боюнча адистиги: 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы) сунушталат. Н.К. Дюйшееванын изилдөөнүн проблемаларына жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Состояние современной системы высшего образования Кыргызстана и инновационные процессы // Сборник научных трудов международной и научной конференции “Педагогическое образование: вызовы XXI века”. – Смоленск, 2014.
2. Основные тенденции инновационных изменений в системе современного образования // V Международная научно-практическая конференция. – Новосибирск, 2009.
3. Инновации в образовании: стратегический подход в свете современных реалий // Международная научно-практическая конференция “Теория и практика педагогической науки в современном мире: традиции, проблемы, инновации”. – Ч.Ш. – Новокузнецк, 2011.

Экинчи расмий оппонент катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент м.а. Ибраев Алмазбек Дүйшөкович (автореферат боюнча адистиги: 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы)

сунушталат. А.Д. Ибраевдин изилдөөнүн проблемаларына жакын кээ бир илимий эмгектери төмөнкүлөр:

1. Дистанттык окутуу технологиясын уюштуруу маселелери // БГУ имени Карасаева, ИНДО “Непрерывное и дистанционное образование в новом инфомационном пространстве”. – Бишкек, 2014.
2. Инновационная модель образования // Вестник КНАУ имени Скрябина. – Бишкек, 2013.

Комиссия берилген материалдарды карап чыгып Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин “Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү” аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациясын И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 13.15.522 диссертациялык кеңешке кабыл алууну сунуштайт.

Эксперттик комиссиянын төрагасы,

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н. Дуйшеева

Педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Мамытов

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д. Бекболотов

Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктаймын:
Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Калдыбаева